УДК 82
DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-4-11

**ХАЛИЛОВ А.Д., МАТМУСАЕВА Т.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**ХАЛИЛОВ А.Д., МАТМУСАЕВА Т.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**HALILOV A.D., MATMUSAEVA T.**
KNU named after J. Balasagyn

# ПУБЛИЦИСТИКАНЫН КӨРКӨМ ТАБИЯТЫНЫН ПРОБЛЕМАЛАРЫ

ПРОБЛЕМЫ ХУДОЖЕСТВЕННОЙ ПРИРОДЫ ПУБЛИЦИСТИКИ

THE PROBLEMS OF ARTISTIC NATURE OF PUBLICISM

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада публицистиканын көркөм табиятынын проблемалары каралат. Көркөм публицистиканын жанрдык сапаттары, жоболору ичкериден изилденип, конкреттүү талдоолордун негизинде кеңири колдонулган көркөм каражаттар аныкталган. Макалада белгилүү жазуучулардын, сынчылардын коомдук турмуштагы актуалдуу маселелерди көтөрүп, изилдеп жазган публицистикалары мисалыга алынып, кеңири талдоого алынган. Бул публицистикалык эмгектерде жазуучулар маданият, жана эне тилдин толгоосу жеткен актуалдуу көйгөйлөрү менен бирге адабият таануунун жана адабий сындын теориялык маселелерин козгоп, адабий сындын ой жүгүртүү усулун беш фактор менен аныкташкан. Бул баарынан мурда көркөм адабиятты, көркөм чыгармачылык тажрыйбаны жалпылоо көркөм практикадан теорияга андан методологияга, андан барып адабий сындын талдоолоруна өткөндүгү талдоолордун негизинде ынанымдуу көрсөтулгөн.

**Аннотация:** В статье рассматриваются проблемы художественной природы публицистики. Жанровые качества и принципы художественной публицистики изучались изнутри, на основе конкретного анализа определялись широко используемые художественные средства. В статье на примере и подробно анализируются публицистики известных писателей и критиков, поднимающие и исследующие актуальные проблемы общественной жизни. В этих публицистических произведениях писатели поднимали теоретические вопросы литературоведения и литературной критики наряду с актуальными проблемами культуры и родного языка, определяли метод мышления литературной критики пятью факторами. На основе анализа убедительно показано, что обобщение художественной литературы и творческого опыта прежде всего перешло от художественной практики к теории, затем к методологии и к литературно-критическому анализу.

**Abstract:** The article discusses the problems of the artistic nature of publicism. Genre qualities and principles of artistic publicism were studied from the inside, and widely used artistic means were determined based on specific analysis. The article uses examples and analyzes in detail the publicism of the famous writers and critics, who raise and explore current problems of public life. In these publicistic works, the writers raised theoretical issues of literary criticism and literary criticism, along with current problems of culture and native language, and determined the method of thinking of literary criticism by five factors. Based on the analysis, it is convincingly shown that,

first of all, the generalization of fiction and creative experience moved from artistic practice to theory, then to methodology, and then to literary critical analysis.

**Негизги сөздөр:** публицистика; көркөм табият; адабият; чыгарма; пикир; публицисттик өнөр; проза; поэтика; эстетика; турмуш; көйгөй; теория; практика; чыгармачылык; адабий сын; фактор; тажрыйба; маданият; жанр; жазуучу; ой жүгүртүү; талдоо; коркөмдүк.

**Ключевые слова:** публицистика; художественная природа; литература; творчество; мнение; публицистическое искусство; проза; поэтика; эстетика; жизнь; проблема; теория; практика; творчество; литературная критика; фактор; опыт; культура; жанр; писатель; мышление; анализ; страх.

**Keywords:** publicism; artistic nature; literature; creativity; opinion; publicistic art; prose; poetics; aesthetics; life; problem; theory; practice; creativity; literary criticism; factor; experience; culture; genre; writer; thinking; analysis; fear.

Публицистиканын жалпы кабыл алынган бир тараптуу аныктамасы жок. Айрым изилдөөлөр публицистика менен адабият таануунун ортосуна эч кандай чек койбой бул түшүнүктөрдү жалпысынан синоним катары кабыл алышса, экинчи бирөөлөрү аны адабият таануунун бир бөлүгү деп гана эсептешет, үчүнчүлөрү болсо андан адабияттын компонентин гана көрүшөт. Эгерде Белинскийдин “жаңы мезгилдин искусствосунда уруулук структуралардын эң эле сейрек боло тургандыгы” [1, с. 39] жөнүндө эскертүүсүн эске алсак, анда жогорудагы пикирлердин ар биринин белгилүү даражада чындыгы бар экендигине жана алардын эч кандай негизге таянбай туруп эле жайдак жерден айтылып калбагандыгына макул болобуз го. Белинскийдин өзү деле ошол себептен публицистиканын спецификасына атайылап аныктама бербестен, аны “кыймылдагы эстетика”, “адабияттын өз сезими” катары караган. Бирок, ал адабияттын гана өзүн аңдап билер сезими эмес, жеке өзүнө карата алганда да ошондой болмушка эгедер. Демек адабий публицистика тигил же бул чыгарманын маани-жайын окурманга чечмелеп түшүндүрүп, анын “базар баасын” бычып, ордун аныктап берүү үчүн, же болбосо акын менен жазуучуга жол көрсөтүп, багыт бериш үчүн жазылат. Публицистика адабиятка камчы салып айдап, ошонусу менен өзун өзү да сүрөйт. Айталы тарыхка айланган С.Эралиевдин эркин өлчөмдөгү ырлары менен поэмаларынын тегерегиндеги талкууларды эстеп көрөлү. Бул талаш-тартышта акынга караганда сынчы адабиятчылардын өздөрү. Айрыкча анын чыгармаларында чагылган дүйнөнү өз учурунда түшунүүгө чама-чаркы келбегендер көбүрөөк сабак алышкан. Ангеме, роман жанрынын тегерегиндеги талкуулардын белгилүү өлчөмдө сабагы ушунда турат. Бул “кыймылдагы эстетиканын” чындап жанданышына, жигерденүүсүнө анын өзүн өзү өнүктүрүүсүнө түрткү берип, ичкертен омок түзүп жаткандыгын күбөлөйт. Муну менен адабий сын башка түрлөр менен бирге өзүнүн да өр алып өсүп турушу үчүн такай кам көргөн накта кужүрмөн жанр катары белгилүү. Ал адабияттын гана оош-кыйышын иликтеп эле тим болбостон “өзүн өзү сындоо жана өзүнүн кемчиликтерин аёосуз түрдө ашкерелөө ишин” [2, с.101] жүргүзүп, анын өтөлүнө чыгууну айныбас парзы деп эсептейт. Көркөм адабият өзүнүн озуйпасын негизинен жана жалпысынан окурмандарга кеңири мааниде айтканда жалпы элди руханий өстүрүүнүн бир булагы болуп саналган эстетикалык тарбия берүүдөн көрсө, сын адабиятка да,жумурай журтка да акырында келип, жеке өзүнө да таалим-тарбия, сабак берет.

Көркөм публицистиканын прогрессчил, гумандуу маңызын башка белгилүү жоболор менен бирге ушундайча да түшүндүрсө болот.

Көркөм публицистика өзүнөн адабият маселесинде ар дайым калыс айтууну талап эткендей эле өзүнө карата айтылган ар кандай кептин калыс, калпысын ылгоону да талап этет [3, с.87]. Маселен, публицисттик өнөрдүн ички табиятынын натыйжалары катары каралууга тийиш болгон айрым көрүнүштөр, атап айтканда, сындын көркөм чыгармага, же илимге өтүүнүн фактылары жагдайында айтылган айрым пикирлер ушундай таасир калтырат. Кеп ким кайсы жанрдан баштап, кийин кайсы жанрда жазып калгандыгында эмес, кеп оролу ошонун аягында кандай жыйынтык чыккандыгында. Ак ырдын “атасы” делинип жүргөн Уитмен адегенде прозадан баштап, атайын заказ менен роман да жазып, бирок отуз алты жашында акын болуп кайра туулуп, дүйнөдө поэзиядан алган атак-даңкы калды. Ал эми сынчыларга келсек, классиктерден Белинский, өзүбүздөн К. Укаев чыгармачыл таржымалын адабий чыгармадан башташып, анан сынга келип, өздөрүн дал ушул жанрда таанытышып, ошондон талантын ачышты. Бирок адабияттын тарыхында мындан башкачараак да фактылар кездешет, Пушкин менен Лермонтовдун жалпыга белгилүү прозалары алардын поэтикалык чыгармаларынан ашып кетпегени менен адабият таанууда, көркөм сында окурман журтунда ошолорго тете бааланып, биз билген адабий көркөм казынанын кенчине айланганы кашкайган чындык эмеспи. Ал эми эстетикада Н.Г. Чернышевскийдин “Эмне кылуу керек?” романычы? Чернышевский “материализмге бир сөөм жетпей барып токтогон” философиясын, саясий көз карашын, ага кошумча нукура сүрөткердик концепциясын, негизинен ушул чыгармасы аркылуу көрсөттү.

Маселеге тереңирээк карасак, публицистиканын адабиятка же илимге өтүүнүн түпкү себептери сынчылык өнөрдүн ички табиятына байланыштуу болот. Бир жагынан алганда сынчыны жазуучу деп да, илимпоз деп да кесе айтканга болбогону менен аларга кошуунун жүйөлүү себептери да табылат. Публицисттик таланттын сейректиги туурасында В.Белинскийден бери келаткан кептин төркүнү да ушуга барып такалат. Адабий көрүнүштөрдүн социологиялык жана аксиологиялык тамырын тамырын таба билүү үчүн ал ой жүгүртүү жөндөмү боюнча табиятынан аналитик болушу керек. Публицисттик таланттын сейректиги, анын синтетиалуу табияты, бир жагынан сүрөткердик, экинчи жагынан теориялк-аналитикалык жөндөмдүн бир бүтүн, үргүлжү нерсе катары атайылап жасагандай бири-бирин толуктап, бири-бирин шарттап турат. Эми сүрөткер адамдын эң негизги шыбагасын, образдар менен ойлоо жөндөмү түзөрүн ага ылайык чыгармада кыял, фантазия негизги абалды ээлеп, акыл-эс экинчи орунда болору белгилүү. Адабий сында болсо бул экөөнө бирдей роль таандык. Публицисттин чыгармачылык менен алпурушуусу көркөм сөз өнөрүнүн ички процесстерин, акын-жазуучулардын аялуу сырларын сырттан, же кыйр түрдө эмес, түздөн-түз баштан кечирип билүүгө, ал аркылуу сүрөткер адамдын дүйнөсү менен жашай билгенге үйрөтүп жатат. Мунун өзү публицисттин накта кесипкөйлүк ишине жардамы тийүүдө, тигил же бул чыгармага ат үстүнөн мамиле кылбастан, анын тереңине сүңгүп кирип, анын аркасында сүрөткердин идеялык, нравалык-эстетикалык концепциясын, же анын чыгармачылык кредосун так ачып көрсөткөнгө кеңири мүмкүнчүлүк берет. Бул биринчиден, экинчиден, адабий процесстен, көркөм процесстин алдыңкы көчүнөн калууну каалабаган сынчыга бир гана теориялык билимин терендетүү аздык кылат. Акын-жазуучуларга теорилык жалпы билим канчалык керек болсо адабий сынчы үчүн дээриндеги сүрөткердик уюткунун угут алып, көктөп өсүп турушу үчүн көркөм чыгармачылык ишке алда канча жакын алакада болгону иабзел. В. Белинскийдин акынды изилдеп сындаш үчүн

алардын дартына кошо чалдыгып, кайгы-касиретин кошо тартышып, абыгерлигин бирге чегүү керек дегени ушуну туюнтуп турат.

Адабият жөнүндөгү илимдин өзүнүн бийик даражага жетип, өзүнүн методологиясы, ээ болгон жетишкендиктери аркылуу башка илимдердин системасында өз ордун, өзүнүн мыйзамдуу макамын барган сайын бекемдеп, барган сайын чыңдап жатат. Азыркы учурда коомдук аң-сезимдин формаларынын ортосунда ич ара мамилелер куч алып, ага ылайык дифференция жана интеграция процесстери тездеген. Мисалы, математикадагы ыктымалдуулук теориясынын ыр түзүлүшүнө карата колдонулушу сыяктуу ж.б., Ушундай татаал мамилелерге, факторлорго байланыштуу жаңы өзүнө жаныча мамилелерди талап кылган проблемалар бар.

Көркөм публицистика менен адабият таануунун “чек араларын” так ажыратып, алардын өз ара алакасы кайсы жерден аштащып, кайсы жерде ажырашып кетет азырынча так белгилене элек. Басма бетинде жарык көрүп жаткан тигил же бул макаланы кандай белгилерине карап адабий сын деп атоо керек, кайсынысы “таза” илимге жатат аныктала элек.Демейде бири-бирине коёндой окшош көрүнгөн адабият таануу менен адабий сындын кылар кызатын, өтөр милдетин, түпкү спейификасын баары эле андап тургандай.

Адабият таануунун жана адабий сындын ой жүгүртүү усулу беш фактор менен аныкталат. Бул баарынан мурда көркөм адабият. Көркөм тажрыйбаны жалпылоо көркөм практикадан теорияга андан методологияга, андан барып адабий сындын талдоолоруна өтөт. Адабият таануунун жана сындын методологиясы учур адабиятынын тажрыйбасына таянып, тарыхый-адабий процессти изилдөөдө ага жайылтат. Чыгармачылыктын актуалдуу жагдайы өткөн мезгилдин формаларын изилдөөгө ачкыч болуп берет. Адабияттын бардык мезгилдеринен кийинки мезгилдеги адабият адабият илиминин методологиясынын түзүлүшүнө өзүнүн таасирин тийгизет. Адабияттагы жаны көрүнүштөр менен адабий сындын талдоолорунун жаны принциптери, жаны усулдары, жаны ыкалары иштелип чыгат. Адабий сындын предмети түз эмес, кыйыр түрдө кабыл алынып, адабий процесске жана башка көркөм көрүнүштөргө багыт алат. Бул установкалар усул түзүүчү факторлордун бири болуп саналат. Адабий сындын методологиясы адабият таануунун тажрыйбасына таянат [4, с.36]. Усул төрт денгээлди өзүнө камтыйт.

Биринчи денгээл–көз караш–аттанып чыккан жерин, принциптерин жана установкаларын, талдоонун багытын аныктайт. Бул денгээл предметтин жалпы планын берет. Предмет бул денгээлде түрүнө карата каралат.

Экинчи денгээл – контакт– предметке карата мамилени аныктайт, анын орто жана ири планын көрсөтөт. Бул денгээлде котакт түзүлөт, изилдөөчү менен обьектин ортосунда өз ара байланыш түзүлөт.

Үчүнчү денгээл – талдоо – чыгарманын ичине кирүүгө мүмкүнчлүк түзгөн усулдарды аныктайт. Бул денгээлде предметти “колун кол, санын сан” кылып ажыратып “жиликтөө” башталат. Бул денгээлде текстин ички семантикалык байланыштары, структуралык түзүлүш ынгайынан караганда текстин манызы кандай, текстин ички уюштурулушу, элементтерге бөлүнүшү аныкталат.

Төртүнчү денгээл – концептуалдык синтеикалык процедураны, жалпылоонун технологиясын аныктап, предметке карата чулу көз караштын калыптанышын шарттайт.

Ушул жагдайдан алып караганда К.Асаналиевдин макалалары синтетикалуу болуп саналат. Бирок бул ар бир жанрды “таза” караш керек дегенди билдирбейт. Мисалы, анын “Кыргыз романы: кербен жол жана туюктар” макаласында обзордун элементтери жана

циклдын принциптери бар. Ошол эле учурда аралаш компоненттерди эстен чыгарбашыбыз керек, анткени алар жанаша жанрга өз таасирин тийгизет: проблемалуулук обзорго таасирин тийгизет, обзор циклга, өз кезегинде цикл проблемалуулукка жана обзорго таасирин тийгизет. Буга чейин талдоонун предмети болбогон циклды карап көрөлү. Анткени бул кызыктуу жанрдын проблемалары сындын чегинен чыгып кетет, анткени бул жанрдын белгилери адабият үчүн анын позия, проза сыяктуу тектери үчүн да мүнөздүү. Цикл жанры кыргыз адабиятында чон жанрдын бөлүнүшүнөн улам эмес, айрым чакан жанрлардын бир теманын алдында биригүүсүнөн келип чыккан. Циклдын принциптери ар кандай болушу мүмкүн: хронологиялык (негиз катары ырааттуу сюжеттик өнүгүү Лермонтовдун “Биздин замандын уулу” романын түзгөн новеллалар циклы, О. Султановдун “Чарчоонун жүзүнчү ыры” ырлар циклы, тематикалык Тургеневдин “Анчынын ангемелери”. Хронологиялык циклде сюжеттин кыймылы идеянын, образдын өнүгүүсүнө таасирин тийгизет. Тематикалык циклда динамика камбыл болбосо да, кыймыл бар, идея, тема өнүктүрүлөт, тематикалык циклда мезгил катып токтоп калбайт, мезгил ойду чечмелөөнүн жана ачып берүүнүн усулу.

Циклдик мезгилге дагы бир хронология кошулат, жаратуунун хронологиясы: автор ар бир бөлүгүн ырааттуу жайгаштырып, мурдагыларына жаңы элементтерди кошуп, ар түрдүү чыгармадан цикл жаратат. Ушундай хронологиялык динамикада сүрөткердин көз карашынын эволюциясы пайда болот. Ушул айтылгандардын бардыгы адабий сын циклына мүнөздүү. Адабий сындын циклдары да хронологиялык (макаланын негизинде тарыхый обзор болсо), тематикалык жана аралаш тартипте. Адабий сындагы циклда цикл жаратуунун эки принциби бирдей кездешет: адатта макалалардын циклы кайрадан жазылат, ички динамикалык фактор, мезгилдик жана тематикалык ырааты менен ачылат.

Цикл жанрынын тарыхы жана теориясы боюнча төмөндөгүдөй адабияттар бар: Л. Гинзбург “О лирике”(Л.,1974); Л.К. Долгополов. Поэмы Блока и русская поэма (М.,1964); В.А. Сапогов “Лирический цикл и лирическая поэма в творчестве А.Блока” (Русская литература ХХ века. Калуга, 1968); А.С. Янушкевич (Типология прозаического цикла в русской литературе 30-х годов Х1Х века. – В сб. Проблемы литературных жанров. – Томск, 1972); Ю.У. Лебедев (У истоков эпоса (очерковые циклы в русской литературе). – М., 1975); Л.Е. Ляпина (Лирический цикл в русской поэзии. – Л., 1977); Е.М. Таборисская (Маленкие трагедии Пушкина как цикл. (Некоторые аспекты поэтики) // Пушкинский сборник. – ЛГПИ им. А.И. Герцена, 1977).

Белгилүү сынчы кенешбек Асаналиевдин кыргыз роман жанрынын теориялык маселелерин иликтеген “Кыргыз романы: кербен жол жана туюктар” аттуу **[**5, с. 111] макалалар циклы мунун айкын күбөсү. Концептуалдуу табиятына ылайык сын макала циклы адабий чыгармага караганда бири-бири менен тыгы байланышып, айкалышып турат. Көркөм циклдын ар бир бөлүгү өзүнчө ажырап, бүтүн чыгарма катары кабыл алынса, сын циклынын бөлүктөрүн өзүнчө кароо жасалма болуу менен жалпы контекстте гана толук мааниге ээ болот. Кыргыз адабий сынында цикл жанрынын баштоочусу Кенешбек Асаналиев болуп саналат. Цикл жалпы бир темада башталып, макала бөлүк-бөлүк болуп четинен жазыла берет. Аталган макалалар циклында автор кыргыз романынын жанр маселесин жана Ш. Бейшеналиев, К. Сактанов, Ө. Даникеев, С. Өмүрбаев сыяктуу эазуучулардын романдарынын ийгилик кемчиликтерине кенири талдоо жүргүзгөн. Публицистиканын теориясын изилдеген окумуштуулар публицистиканын жанрдык өзгөчөлүгүн саясат менен тыгыз байланыштырып карашат. Ошон үчүн публицитика өзүнүн

оперативдүүлүгү менен коомдук турмушка таасирин тийгизип, коомдук пикирди калыптандырууда чоң роль ойнойт.

Публицистика өлкөнүн коомдук саясий турмушунун летописи катары күнүмдүк социалдык турмуштунокуяларын же көрүнүштөрүн камтыган факты материалдарды эле камтыбастан, алардын маанисин чечмелеп, интерпретациялайт. Ушул жагынан алып караганда азыркы коомдук турмушта публицистика өтө чоң мааниге ээ. Өлкөнүн турмушундагы маданий, саясий-идеологиялык, социалдык-экономикалык проблемалар публицистиканын көңүл борборунда болуп, аларга эксперттиу баа берип, кеңири коомдук талкууга койот.

Азыркы шартта коомдук пикирди калыптандыруучу жана кайра жаратуучу публицистиканын бугуп жаткан ички мүмкүнчүлүктөрү кеңейип, өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда

**Колдонулган адабияттар**


1. Белинский В.Г. Взгляд на русскую литературу. – Москва: Современник, 1981, с.
39.
2. Брюнетьер Ф. Литературная критика // Зарубежная эстетика и теория литературы. –
Москва: изд.-во МГУ, 1987, с.101.
3. Прохоров Е.П. Искусство публицистики. – Москва, 1984, с. 87.
4. Буянова Л.Ю., Мезенцева В.Ю. Публицистический дискурс как аспект моделирования языковой картины мира // Проблемы концептуализации действительности и моделирования языковой картины мира: Сб. науч. тр., вып. 2. – Архангельск, 2005, с. 36.
5. Асаналиев К. Көркөм нарк. – Фрунзе: Кыргызстан, 1988, 111-б.
6. Халилов А.Д., Барманов С.М. Эгемендүүлүктүн шартында улуттук руханий баалуулуктарды жайылтууда жана өнүктүрүүдө республикалык массалык маалымат каражатынын ролу // Вестник КНУ, 2024, № 1 (117), 197-201-б.